**БЕКИТЕМ**
**Кыргыз Республикасынын Саламаттык сактоо министрлигинин алдындагы Дары каражаттары жана медициналык буюмдар департаментинин директорунун орун басары**
**Кысанов Т.А.______________**
**«12» июня 2024-ж.**

# ДАРЫ КАРАЖАТЫН МЕДИЦИНАДА КОЛДОНУУ БОЮНЧА

# НУСКАМА

## ПРОСПАН®
**жөтөлгө каршы сироп**

**Соодадагы аталышы**
ПРОСПАН® жөтөлгө каршы сироп

**Эл аралык патенттелбеген аталышы**
Жок

**Дарынын түрү**
Сироп

**Курамы**
1 мл сироп төмөнкүлөрдү камтыйт:
*Таасир берүүчү зат:* чырмооктун жалбырактарынын кургак экстракты [(5-7,5):1] – 7 мг, экстрагент: этанол 30%;
*Көмөкчү заттар:* тазартылган суу, калий сорбаты, суусуз лимон кислотасы, сорбитол эритиндиси 70% (кристаллдашкан), ксантан камеди, алчанын жыпар жыт бергичи.

**Сүрөттөмөсү**
Ачык-күрөң, таттуу мөмө-жемиш даамданган жана алчанын жыпар жыты бар, бир аз тунук эмес сироп.

**Фармадарылык тобу**
Жөтөлдө жана суук тийүү ооруларында колдонулуучу каражаттар. Жөтөлдү басуучу айкалыштардан башка экспекторанттар. Какырыкты чыгаруучу каражаттар. Чырмооктун жалбырактарынын экстракты.
**АТХ коду:** R05CA12

**Фармакологиялык касиеттери**

*Фармакокинетикасы*

Фармакокинетика жана биожеткиликтүүлүк боюнча изилдөөлөрдүн маалыматтары жетишсиз.

*Фармакодинамикасы*

Жөтөлгө каршы Проспан сиробу чырмооктун жалбырактарынын кургак экстракты, анын сезгенген дем алуу ооруларындагы дарылык натыйжалуу таасири экстрактта камтылган гликозиддик сапониндердин секретолитикалык жана колко кеңейтүүчү касиеттери менен шартталган.

Клиникалык изилдөөдө дарынын бронхолитикалык таасири белгиленген. Жаныбарларга жүргүзүлгөн изилдөөлөрдө дарынын спазмолитикалык натыйжалуу таасири көрсөтүлгөн.

**Колдонууга көрсөтмөлөр**

Какырыгы начар чыгып жаткан жөтөл менен коштолгон жогорку дем алуу жолдорунун жана өпкөнүн сезгенүү ооруларын дарылоодо какырыкты чыгаруучу каражат катары колдонулат.

**Колдонуу жолу жана дозасы**

1 жашка чейинки курактагы балдарга күнүнө 2 жолу 2,5 мл дан;
1 ден 5 жашка чейинки курактагы балдарга күнүнө 3 жолу 2,5 мл дан;
6 дан 9 жашка чейинки курактагы балдарга күнүнө 3 жолу 5 мл дан;
Чоңдорго жана 10 жаштан жогорку курактагы балдарга күнүнө 3 жолу 5-7,5 мл дан таңгакка чогуу салынган ченем капкакчанын жардамы менен кабыл алынат.
Кабыл алуунун алдында флаконду жакшылап силкип аралаштырып алуу керек.
Ар бир кабыл алуудан кийин флаконду тыгыз жабуу керек!

*Кабыл алуунун созулуу убактысы.*

Дарылоо курсу 1 жуманы түзүшү керек.
Дарылык натыйжалуу таасирди бекемдөө үчүн оорунун симптомдору кеткенден кийин дарылоону дагы 2-3 күн улантуу сунушталат.
Абалдын жакшы болуусу белгиленбесе дарыгерге кайрылуу керек.

**Каршы көрсөтмөлөр**

Дарынын бардык курамдык бөлүктөрүнө жогорку сезгичтик.
Фруктозаны/сорбитолду көтөрө албастык.

**Кыйыр таасирлери**

| | |
|---|---|
| Абдан жыш: | (≥ 1/10) |
| Жыш: | (≥ 1/100 - <1/10) |
| Кээде: | (≥ 1/1 000 - < 1/100) |
| Сейрек: | (≥ 1/10 000 - < 1/1 000) |
| Абдан сейрек: | (< 1/10 000) |
| Белгисиз: | (бар маалыматтардын негизинде жыштыгын аныктоо мүмкүн эмес) |

Чырмооктун жалбырактарынын экстрактын камтыган каражаттарды кабыл алуудан кийин абдан сейрек учурларда төмөнкүдөй аллергиялык реакциялар пайда болушу мүмкүн: демигүү, Квинке шишимиги, экзантема, бөрү жатыш.

Кээде жогорку сезгичтиги бар бейтаптарда көңүл айнуу, кусуу жана ич өтүү сыяктуу ашказан-ичеги бузулуулары пайда болушу мүмкүн. Сорбиттин камтылуусунан улам, бир аз ичти айдоочу натыйжалуу таасир пайда болушу мүмкүн.

**Башка дары каражаттары менен өз ара таасири жана өз ара таасирлердин башка түрлөрү**

Өз ара таасирлерге изилдөөлөр жүргүзүлгөн эмес. Азыркы учурга чейин өз ара таасирлери белгисиз.

**Өзгөчө көрсөтмөлөр**

Жөтөлгө каршы ПРОСПАН® сиробу спиртти, кантты жана боёкторду камтыбайт. Кант диабети бар бейтаптарга 2,5 мл сироп 0,963 г сорбитолду камтый тургандыгын эске алуу керек, бул болсо 0,08 НБ туура келет.

Чырмооктун экстрактынын дарылык натыйжалуу таасирин алуу үчүн адсорбент катары этанолдун 30 об. % колдонулат, ал кийинки кургатуу процессинин натыйжасында экстракттан толугу менен четтетилет.

*Эскертүү:*

Жакшыруу байкалбаса же демигүү, калтыратма, ошондой эле ириңдүү же кан аралаш какырык пайда болсо дароо дарыгерге кайрылуу керек.

***Кош бойлуулук жана бала эмизүү мезгилинде колдонуу***

Колдонуу коопсуздугу боюнча маалыматтар жок болгондуктан, препаратты кош бойлуу жана бала эмизүү мезгилинде колдонууга болбойт.

***Унааны же башка механизмдерди башкарууда реакциянын ылдамдыгына таасир берүү жөндөмдүүлүгү.***

Таасир бербейт.

**Ашыкча доза**

Күндүзгү үч жолку кабыл алына турган дозаны ченеминен ашыруу көңүл айнуу, кусуу жана ич өтүүнү козгошу мүмкүн.

Дарылоо – симптомдорго жараша жүргүзүлөт

**Чыгаруу формасы жана таңгагы**

Сироп 100 мл дан флакондо; 1 ден флакон ченем капкакчасы менен кошо картон кутуга салынат.

**Сактоо шарты**

25 °С дан жогору эмес аба табында сактоо керек.

Балдар жетпеген жерде сактоо керек!

*Көңүл бургула!*
Чырмооктун экстрактынын камтылуусунан улам, сактоо процессинде эритинди бир аз күңүрттөнүп, даамы бир аз өзгөрүшү мүмкүн, бул болсо препараттын дарылык таасирине таасирин тийгизбейт.

**Жарактуулук мөөнөтү**
3 жыл. Флаконду ачкандан кийин жарактуулук мөөнөтү 6 ай.
Жарактуулук мөөнөтү аяктагандан кийин колдонууга болбойт.

**Дарыканалардан берүү шарты**
Рецепти жок.

**Өндүрүүчү**
Энгельгард Арцнаймиттель ГмбХ & Ко. КГ,
Херцбергштрассе 3, 61138 Нидердорфельден, Германия.

**Расмий өкүлү**
Альпен Фарма АГ, Берн, Швейцария.